**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ**
**ЫЛАЙ-ТАЛАА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**
**ЫЛАЙ-ТАЛАА**

Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин (VII чакырылыштагы) кезектеги XII сессиясынын жыйынынын

# ТОКТОМУ

№ 12/3

2023-жылдын 19-апрели, Ылай-Талаа айылы.

**Айыл аймагында жашаган калкты пенсия, пособие жана маалыматтар менен тейлөөдө “Кыргыз почтасы” МИнын Ылай-Талаа бөлүмүнүн жүргүзүп жаткан иштеринин абалы жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын II бөлүмүнүн 3-главасынын 34-беренесинин 2-пунктуна, айылдык Кеңештин Регламентинин 1-бөлүмүнүн 2-главасынын 2.2-пунктуна ылайык айыл аймагында жашаган калкты пенсия, пособие жана маалыматтар менен тейлөөдө “Кыргыз почтасы” МИнын Ылай-Талаа бөлүмүнүн жүргүзүп жаткан иштеринин абалы жөнүндө бөлүмдүн башчысы А.Мусаевдин маалыматын угуп жана талкуулап Ылай-Талаа айылдык Кенеши **токтом кылат:**

1.Айыл аймагында жашаган калкты пенсия, пособие жана маалыматтар менен тейлөөдө “Кыргыз почтасы” МИнын Ылай-Талаа бөлүмүнүн жүргүзүп жаткан иштери айрым кемчилдиктерди эске алуу менен канааттандыраарлык экендиги белгиленсин.

2.Айыл аймагында жашаган калкты пенсия, пособие жана маалыматтар менен тейлөөнүн сапатын жакшыртуу, пенсия , пособияларды, каттарды мөөнөтүнөн кечиктирбестен үйлөрүнө жеткирүү, калкка маалыматтарды ыкчам жеткирүү, аларга түшүндүрүү иштерин жүргүзүү аркылуу “Санарип-Аймак” программасынын алкагында төлөм каражаттарын төлөм терминалдары аркылуу кабыл алуу боюнча кечиктирилгис чараларды көрүү жагы “Кыргыз почтасы” МИнын Ылай-Талаа бөлүмүнүн башчысы А.Мусаевге милдеттендирилсин.

3.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык Кеңештин курулуш, транспорт, өнөр-жай, соода, ишкердүүлүк, байланыш, энергетика жана кайра иштетүү боюнча туруктуу комиссиясына (төрагасы А.Жаңыбаев) тапшырылсын.

**Төрага** **А.Кадамбаева**